| САРУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЛДАШЕВ АЙЫЛ КЕНЕШИ | | АЛДАШЕВСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САРУЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**XXVIII- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН № 33 КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

2022-жылдын ноябрь айынын «24» № 113 Саруу айылы

# Т О К Т О М

**Айыл өкмөтүнүн балансасындагы кой жана топозду келишимдин негизинде бактырууга уруксаат берүү жөнүндө**

Саруу айыл өкмөтүнүн балансасында турган 86 баш кой жана 66 баш топозду келишимдин негизинде бактыруу тууралуу айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишердин билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунушун эске алып көпчүлүк депутаттардын келишим менен бактыруу тууралуу добуш бергендигине байланыштуу Алдашев айыл кенешинин сессиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1. Айыл өкмөтүнүн балансасында турган 86 (сексен алты)баш кой баласына жана 66 (алтымыш алты баш) топозду келишимдин негизинде бактырууга уруксаат берилсин:
   - айыл өкмөтүнүн балансасында турган 86 (сексен алты) баш койду беш жылга 2023-2028-жылда багып жылына 30 (отуз) козудан төл кошуп 2028-жылы 1-октябрь айында 236 (эки жүз отуз алты) баш ургачы койду айыл өкмөтүнө өткөрүп берет;
   - айыл өкмөтүнүн балансасында турган 66 (алтымыш алты)баш топозду беш жылга 2023-2028-жылга багып жылына 25 (жыйырма беш) баш мамалак төл кошуп 2028-жылы 1-октябрь айында 191 (жүз токсон бир) баш ургачы топозду айыл өкмөтүнө өткөрүп берет.
   - айыл өкмөтү тарабынан кой,топоздорду багууга эч кандай каражат бөлүнбөйт, малчылар бардык чыгымдары өз мойнуна алат.

2. Малчылар менен келишим түзүп кой жана топозду акт менен малчыларга өткөрүп берүү айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл кенешинин бюджет боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **А.Оморова**